**ОшМУнун Өзгөн эл аралык медициналык колледжинин тарбиялык иштердин 2023-2024-окуу жылынын үчүн отчету.**

2023-2024-окуу жылы үчүн Өзгөн эл аралык медициналык колледжинде 17 академиялык тайпа үчүн кураторлор бекитилип буйрук чыгарылган. 17 тайпага старосталар директор тарабынан буйрук менен бекитилген ошондой эле студенттик кеңеш жана акыйкатчы аппаратынын төрагалары курамы менен шайлоо жолу аркылуу тандалып дайындалды.

Студенттик кеңеш жана акыйкатчы аппараты үчүн натыйжалуу иш алып баруусу жана студенттерди колдоо максатында коллежде кабинет директор тарабынан бөлүнүп берилген. Тайпа кураторлору бир жылга кураторлук тайпасы үчүн иш-план түзүп циклдардын отурумунда каралып бекитилген. Студенттерди мекенчилдике жана гуманизмге тарбиялоо максатында 23-сентябрь мамлекеттик тил күнү, 21-февраль Бүткүл Дүйнөлүк эне тил күндөрүнө карата коллежде майрамдык иш-чаралар өткөрүлүп келет. Кайрымдуулук акциялары колледжде өткөрүлүп турат 1-октябрь карылар күнүнө карата колледжин актвист студенттери жалгыз бой калган карылардан кабар алашып үй тиричилик жумуштуран аткарып келишет. Студенттердин дене-тарбиясын чыңдоо максатында тайпалар арасында спорттун бир нече түрү боюнча мелдештер өткөрүлдү. Мисалга алсак алсак 17-ноябрь студенттердин эл аралык күнүнө карата кыздар арасында спорттун волейбол түрү боюнча мелдеш, балдар арасында спорттун футбол түрү боюнча мелдештер өткөрүлдү. Байгелүү орундарды алган студенттер колледж тарабынан баалуу белектер жана дипломдор менен сыйланышты.

Студенттерди улуттук руханий жактан тарбиялоо жана белгилүү инсандар менен жолугушуусун өткөрүү максатында Ош шаарындагы музейлерге театрларга экскурсия уштурулуп 60 студент барып келди. Өзгөн районунда жана Өзгөн шаарында кандай гана маданий массалык спорттук иш-чаралар, ишембиликтер болбосун биздин колледждин студенттерисиз өткөрүлбөйт. 17-ноябрь студенттердин эл аралык күнүнө карата Өзгөн райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы Аким Апбасов Каныбек Сагынбекович Өзгөн эл аралык медициналык колледжининин студенттери менен жолугушуусу өткөрүлдү. Ошондой Өзгөн шаардык кеңешинин төрагасы менен да жолугушуулар өткөрүлдү.

Жетекчилер студенттерге окууларына ийгилик каалап өздөрүнүн белектери менен сыйлашты. Студенттерди стимулдаштыруу максатында Ош облустук дене тарбия жана спорт башкармалыгынын жыл жыйынтыгын чыгаруу аземиде коллежибиздин студенттери түрлүү номинациялар дипломдор менен сыйланышты. Студенттерди маданий эстетикалык жактан тарбиялоо максатында жаңы-жылдык директордук бал өткөрүлдү, салтка

айлангандай ОшМУнун ректорунун студенттер үчүн өткөрүлгөн жаңы-жылдык ректордук балга коллежибизден окуунун мыктылары коомдук маданий иштерге активдүү катышкан студенттер тандалып барып көңлдүү эс аалып келишти. Студенттерди мекенчилидике жана улуттуктук тарбияга тарбиялоо максатында 23-февраль Ата-мекенди коргоочулар күнүнө карата тайпалар арасында аскер оюндарынын мелдеши тайпалар арасында өткөрүлүп, мелдешке катышкан тайпаларга окуу жай тарабынан баалу белектер жана дипломдор тапшырылды. Студенттерди Өзгөн районунда жайгашкан аскердик бөлүккө салтка айлангандай жылына 2 жолу экскурсия уюштурулуп аскер турмушу менен таныштырылып турат. 3-март мамлекеттик туу 5- март Ак калпак күнү Өзгөн шаарына жогорку денгээлде өткөрүлүп майрамдык иш-чарага колледждин студенттери активдүү катышты. “21-март эл аралык Нооруз майрамы” Өзгөн райондук мамлекеттик администрациясы тарабынан өткөрүгөн иш-чарага колледждин окутуучулары улукттук тамак-аш көргөзмөсүндө 2-оорунду ээлеп студенттер майрамдык иш-чарага катышып байгелүү оорндарды камсыздашты. Кыргыз Респбуликасынын Президентинин “Жашыл Мурас” жөнүндө жарлыгын аткарылышы жогорку денгээлде боду десек болот анткени Өзгөн районун Жалпак-таш айыл аймагында Курбу-таш айылында жер көчкү жүргөн аймкты калыбына келтирүү максатында Курбу таш токою долбоору аркылуу колледждинн эмгек жамаатчы 3000 түп бак дарак отургузушту. Жаз айлараныда өткөрүлүүчү респбуликалык ишембликтерге колледждин эмгек жааматы да активдүү катышып келет.“9-май Жеңиш күнүнө” карата Өзгөн шаарында өткөрүлгөн өчпөс полк жүрүшүнө колледждин студенттери согуштун, эмгектин жана оруктун ардагерлеринин сүрөттөрүн алып чыгып өчпөс полк жүрүшүнө активдүү катышты. Денисак улут- Өнүгүп жаткан өлкө атту улукттук денсоолук программасын ишке ашыруу максатында коллежде студенттер арасында спорттук бир нече түрү боюнча мелдештер өткөрүлүп келет алар 7-апрель Бүткүл Дүйнөлүк ден-соолук күнүнө карата спорттун жеңил атлетика, волейбол тогуз коргоол жана стол тениси боюнча мелдештер өткөрүлдү. Студенттердин бош убактынсын туура өткөрүү үчүн Өзгөн шаарындагы Айчүрөк кинө театрында коюлган Кыргыз керемети аталган кинолорго студенттер сабактан кийинки убактысында кино көрү шарттары түзүлгөн.

Тарбия иштерия боюнча
директордун орун басары: Э.С.Каримбаев